Социалдык Изилдөөлөр Борбору
Борбордук Азиядагы Америка Университети

"Дин, укук жана саясат" Көз карандысыз аналитикалык изилдөө борбору

# Кыргызстандагы мусулмандар коомчулугунун азыркы мезгилдеги социалдык активдүүлүгү

## Кыскача сереп

Бишкек–2010

Социалдык Изилдөөлөр Борбору
Борбордук Азиядагы Америка Университети

# Кыргызстандагы мусулмандар коомчулугунун азыркы мезгилдеги социалдык активдүүлүгү

## Кыскача сереп

Бишкек–2010

УДК 316.7

ББК 60.55

Автор жана башкы изилдөөчү: ***Кадыр Маликов***

Изилдөөнүн катышуучусу: ***Мехригүл Аблезова***

Редакциялык топ: ***Аида Алымбаева, Татьяна Котова, Чынара Эсенгул***

Каржы менеджери: ***Аида Конокбаева***

К 97 **Кыргызстандагы мусулмандар коомчулугунун азыркы мезгилдеги социалдык активдүүлүгү** – Бишкек, 2010. – 23 б.

ISBN 978-9967-25-915-7

Бул басылма Кыргызстандагы мусулмандар коомчулугунун социалдык активдүүлүк деңгээлин, ошондой эле анын социалдашуу процессиндеги кыйынчылыктар менен тоскоолдуктарды аныктоо максатында жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында түзүлгөн отчеттун кыскартылган варианты болуп саналат. Отчетто мусулмандар коомчулугунун ички түзүмү, анын мамлекет менен, жарандык сектор жана эл аралык уюмдар менен өз ара мамилеси талдоого алынды. Андан тышкары дин чөйрөсүндөгү, атап айтканда, мусулман уюмдарына карата мамлекеттик саясат маселелери каралып, Кыргызстандын ар түрдүү аймактарындагы мусулман уюмдары менен жамааттардын ишмердигинин өзгөчөлүктөрү чагылдырылат.

Басылма Борбордук Азиядагы Америка университетинин Социалдык изилдөөлөр борбору (БААУ СИБ) тарабынан «Дин, укук жана саясат» Көз карандысыз толдоо борбору (ДУСКТИБ) жүргүзгөн изилдөөнүн натыйжалары боюнча, Даниянын Тышкы иштер министрлигинин (ДАНИДА) жана Борбордук Азияда Даниянын чиркөөлүк жардамынын (БА ДЧЖ) каржылык колдоосу менен даярдалды.

Бул басылма мусулмандар коомчулугунун, социалдык активдүүлүк жана жарандык коом маселелери менен алектенген коммерциялык эмес жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнө, ошондой эле мусулмандар коомчулугунун социалдашуу маселелерине кызыккан мамлекеттик органдардын, көз карандысыз талдоо борборлорунун өкүлдөрүнө жана изилдөөчүлөргө арналат.

Автордун жана изилдөөгө катышкандардын пикири БААУ СИБ, ДАНИДА жана БА ДЧЖнын пикирлерине туура келбеши мүмкүн.

Отчеттун материалдарын пайдаланууда маалымат булагына милдеттүү түрдө шилтеме жасоо керек.

К 0302030000-10 УДК 316.7

ББК 60.55

ISBN 978-9967-25-915-7

© Социалдык изилдөөлөр борбору
Борбордук Азиядагы Америка университети, 2010

© «Дин, укук жана саясат»
Көз карандысыз талдоо борбору, 2010

**МАЗМУНУ**


Ыраазылык . . . . . 4

Кыскартуулар тизмеси. . . . . 5

Сөздүк . . . . . 6

1. КИРИШҮҮ . . . . . 7

2. ИЗИЛДӨӨНҮН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ . . . . . 7

3. ИЗИЛДӨӨНҮН УСУЛДАРЫ . . . . . 8

4. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ИСЛАМ УЮМДАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН СОЦИАЛДЫК АКТИВДҮҮЛҮГҮ . . . . . 8

4.1. Расмий мечит . . . . . 9

4.2. Исламдык билим берүү мекемелери (ИБМ) . . . . . 11

4.3. Мусулман коомдук уюмдары, ар түрдүү жамааттар . . . . . 12

4.3.1. Коомдук уюмдар . . . . . 12

4.3.2. Жамааттар (топтор) . . . . . 14

5. СОЦИАЛДЫК МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЕЧҮҮДӨ МУСУЛМАН УЮМДАРЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ЭМЕС ИНСТИТУТТАР МЕНЕН ИШТЕШҮҮСҮ 14

5.1. Мамлекеттик бийлик жана мусулман уюмдары . . . . . 14

5.1.1. Мусулман коомчулугуна карата мамлекеттик саясат . . . . . 14

5.1.2. Мамлекеттик органдардын мусулман коомчулугу менен иштешүүсү . . . . . 15

5.2. Эл аралык уюмдар жана мусулман коомдоштуктары. . . . . 16

5.3. Жарандык сектор жана мусулман уюмдары . . . . . 16

6. КЫРГЫЗСТАНДЫН АР КАЙСЫ ОБЛУСТАРЫНДАГЫ МУСУЛМАН КООМДОШТУКТАРЫНЫН СОЦИАЛДЫК АКТИВДҮҮЛҮК ДЕҢГЭЭЛИ . . . . . 18

6.1. Түштүк облустары . . . . . 18

6.1.1. Ош облусу . . . . . 18

6.1.2. Жалал-Абад облусу . . . . . 19

6.1.3. Баткен облусу . . . . . 19

6.2. Түндүк облустары . . . . . 19

6.2.1. Ысык-Көл облусу . . . . . 20

6.2.2. Талас облусу . . . . . 20

6.2.3. Нарын облусу . . . . . 20

6.2.4. Чүй облусу жана Бишкек . . . . . 20

7. ТЫЯНАКТАР . . . . . 21

8. НУСКООЛОР . . . . . 22

Мамлекеттик башкаруу органдарына . . . . . 22

Мусулмандардын диний башкармалыгына жана казыяттарга. . . . . 22

Эл аралык уюмдарга . . . . . 23

## ЫРААЗЫЛЫК

Изилдөөнүн автору жана катышуучулары Кыргызстандын Мусулмандар башкармалыгына көрсөткөн көмөгү үчүн, ошондой эле БАӨКтүн Ош шаарындагы аймактык өкүлчүлүгүнө – Кыргызстандын түштүк облустарында изилдөө жүргүзүүдөгү уюштуруучулук жардамы үчүн, Йорген Томсен мырза менен Пие Дюрхаген айымга – пайдалуу ой-пикирлери үчүн ыраазычылык билдиришет.

## КЫСКАРТУУЛАР ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| ***БААУ*** | Борбордук Азиядагы Америка университети |
| ***КУ*** | кайрымдуулук уюму |
| ***КФ*** | кайрымдуулук фонду |
| ***КИВ/ЖИС (ВИЧ/ СПИД)*** | кишинин иммункем вирусу/жугуштуу иммункем синдрому |
| ***ДИМА*** | Дин иштери боюнча мамлекеттик агенттик |
| ***ӨЖТ*** | өз жардам тобу |
| ***ДАНИДА*** | Эл аралык өнүгүү боюнча Даниянын агенттиги, Даниянын Тышкы иштер министрлигинин программасы |
| ***КР МДБ*** | Кыргыз Республикасынын Мусулмандар диний башкармалыгы |
| ***БА ДЧЖ*** | Борбордук Азияда Даниянын чиркөөлүк жардамы |
| ***ИБМ*** | исламдык билим мекемелери |
| ***ДУСКТБ*** | «Дин, укук жана саясат» көз карандысыз талдоо борбору |
| ***КЭУ*** | коммерциялык эмес уюм |
| ***БӨУ*** | бейөкмөт уюм |
| ***ОБСЕ*** | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюм |
| ***ИИО*** | ички иштер органдары |
| ***ЖКУ*** | жарандык коомдун уюмдары |
| ***КБ*** | коомдук бирикме |
| ***КФ*** | коомдук фонд |
| ***ДУ*** | диний уюм |
| ***БАӨК*** | «Борбордук Азиядагы өнүгүү жана кызматташтык» БӨУ |
| ***ЮНФПА*** | Бириккен Улуттар Уюмунун калк жайгаштыруу фонду |
| ***ЮСАИД*** | АКШнын Эл аралык өнүгүү агенттиги |

## СӨЗДҮК

| | |
|---|---|
| ***Ажы(лык)*** | динге ишенүүчүлөрдүн Меккеге зыярат кылышы |
| ***Адал (халал)*** | шариат жешке уруксат берген азык-түлүк |
| ***Жамаат*** | бир идеология же бир идея менен бириккен уюм, коомдоштук, динге ишенүүчүлөрдүн тобу |
| ***Зекет*** | динге ишенүүчүлөрдүн жакырлар пайдасына салык төлөө милдети |
| ***Ихсан*** | динге ишенүүчүлүктүн кудайдан коркуу жана жакшы иштерди жасоо дегенди билдирген баскычы |
| ***Казыят*** | КР МБнын облустук башкармалыгы |
| ***Курман айт*** | курмандык чалуу майрамы |
| ***Маале*** | белгилүү бир райондо жашаган адамдар коомдоштугу |
| ***Муфтият*** | Кыргызстандын бардык мусулмандарынын муфтийи башчылык кылган динге ишенүүчүлөрдүн башкармалыгы |
| ***Орозо айт*** | орозонун аякташын белгилеген күн |
| ***Орозо битир (фитир саадака)*** | динге ишенүүчүнүн орозо учурунда кедей-кембагалдардын пайдасына белгилүү суммада акча төлөө милдети |
| ***Сооп (саваб)*** | Кудайдын динге ишенүүчүгө жакшы иштери үчүн берген сыйлыгы |
| ***Улама (аалым)*** | ислам окумуштуусу |
| ***Хужра*** | мусулман медреселеринде окутуунун салттуу усулу |

## 1. КИРИШҮҮ

Конституцияга ылайык, Кыргызстан диний эмес, демократиялык, укуктук мамлекет болуп саналат. Ошол эле учурда өлкөнүн калкынын көпчүлүк бөлүгү өздөрүн мусулманбыз деп эсептешет. Жылдан жылга исламдын коомдогу таасири күчөп баратат. СССР тарагандан кийин мурда мамлекетте үстөмдүк кылып келген атеисттик идеология таасирин тез эле жоготуп, анын ордуна пайда болгон идеологиялык боштукту дин ээлей баштады. Элдик каада-салтка, улуттун тили менен тарыхына болгон кызыгуу өсүп жатканда, диндик кайра жаралуу коомдун руханий-адеп-ахлактык жактан өнүгүүсүнүн негизги жолдорунун бири, ошондой эле жашоонун максаты, такыбалык изденүү нугу катары каралып калды. Улуттук мамлекетти калыптандыруу жана ага байланышкан зор өзгөрүүлөр көбүнчө маданий-диний мазмунда болуп, мамлекет менен диний коомдоштуктардын өз ара мамилелеринин идеологиялашуусуна өбөлгө түздү.

Өлкөдөгү жакырчылык жана жумушсуздук деңгээли жогорулап, коррупция тамыр жайып, калктын сабаттуулук деңгээли төмөндөп, социалдык-экономикалык абалдын начарлашы динге ишенүүчүлөрдүн диний эмес бийликке ишенбестигинин күчөшүнө жана алардын (негизинен жаштардын) саясый жактан активдешүүсүнө түрткү болууда. Ушундай процесстер кооптуу экендигин түшүнүп, мамлекет аларды мыйзамдарды кабыл алуу жолу менен токтотууга, бузуп-жаруучу (секталык) жана салттуу диний кыймылдарды бири-биринен айырмалоого аракет кылууда. Мында диний агымдарды айырмалоо критерийлери боюнча, тиги же бул терминдерди, анын ичинде диндеги радикализм жана салттуулук ж.б. сөздөрдү колдонуу, аларды чечмелөө боюнча көп кыйынчылыктар келип чыгууда. Мамлекеттик түзүмдөрдүн өкүлдөрү көбүнчө бийликтин маңызы жана диндин коомдогу ролу тууралуу мурдагыдай эле авторитардык көз караштардын чегинен чыга албай, «диний эмес» деген терминди сенек түрдө кабылдап, чечмелешет. Бул бийликке мусулман коомчулугу менен шериктештик мамиле түзүүнүн зарыл шарты катары саясый жактан ийкемдүү болууга мүмкүнчүлүк бербей жатат. Динге ишенүүчүлөрдүн саясый активдүүлүгүн саясый радикализм менен чаташтырбоо керек. Ал эми дал ошол диний радикализмге бөгөт коюу үчүн динге ишенүүчүлөрдү коомдун жашоосуна тартып, мамлекеттик жана диний институттардын ар түрдүү деңгээлдерде кызматташуусуна жагымдуу шарт түзүү керек.

Батыштагы көптөгөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, мусулмандар өз өлкөсүнүн мыйзамдарын таанып, сабаттуу келет жана диний эмес турмушка ылайыкташып жашай билет, мамлекеттин социалдык жана маданий турмушуна ийгиликтүү катыша алат. Кыргызстанда болсо азырынча мусулмандар коомчулугу, айрыкча динге ишенген жаштар, социалдык процесстерге жана чечим кабыл алууга катышпай калууда. Кыргызстандын мусулмандар коомчулугу азыркы замандагы социалдык-экономикалык шарттарды аңдап билүүгө тийиш жана диний стереотиптер менен социалдык жактан ыкшоолук алардын таасирин азайтып, азыркы диний эмес мамлекеттин турмушуна аралашуусуна, өз кадыр-баркын, адамдарынын дареметин пайдаланышына тоскоол болуп жаткандыгын түшүнүшү керек.

## 2. ИЗИЛДӨӨНҮН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Изилдөөнүн максаты Кыргызстандагы мусулмандар коомчулугунун социалдык активдүүлүгүнүн деңгээлин, анын өлкөдө болуп жаткан коомдук процесстерге катышуусун жана социалдашууга канчалык даяр экендигин, ошондой эле бул жагынан кандай кыйынчылыктар, тоскоолдуктар кезигип жаткандыгын аныктоо эле. Андан тышкары, аталган тармакта колдонулуп жаткан негизги механизмдерге талдоо жүргүзүлүп, бардык кызыккан тараптарга тийиштүү сунуштар жана кеңештер берилди. Отчётте динге карата мамлекеттик саясат маселелери исламдын мисалында каралып, ар түрдүү мусулман уюмдары менен топторунун сыпаттамасы

берилет да, алардын социалдык активдүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү, ошондой эле мамлекеттик институттар, жарандык сектор жана эл аралык уюмдар менен болгон мамилелери аныкталат. Кыргызстандын ар түрдүү аймактарындагы диний уюмдар менен коомдоштуктардын ишмердигиндеги өзгөчөлүктөрү чагылдырылат.

Изилдөөнүн өзөгүн ислам өнүгүүсүн өтө ашынган саясатташуудан социалдык нукка буруу зарыл деген идея түзөт. Мында диний уюмдар менен мамлекеттик институттардын ортосундагы мамилелерди дагы да жакшыртуу, ошондой эле мусулмандар коомчулугун өлкөнүн социалдык турмушуна активдүү катыштыруу жана анын жарандык коом менен кызматташуусу диний экстремизмдин жайылып кетишине жол бербейт деген ой ырасталат. Каршы туруучу/радикал даремет социалдык жана билим берүү нугуна бурулса, бул мамлекетке да, Кыргызстандын диний коомчулугуна да пайдалуу болот.

Изилдөө Кыргыз Республикасынын Мусулмандар дин башкармалыгы (КР МДБ) жана КР өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан колдоого алынып, Даниянын Тышкы иштер министрлиги (ДАНИДА) тарабынан каржыланды.

## 3. ИЗИЛДӨӨНҮН УСУЛДАРЫ

Изилдөөнү жүзөгө ашырууда ичкериден ачык байкоо жүргүзүү усулу пайдаланылды. Бул ыкма социалдык кырдаалды анын катышуучусунун көз карашында «ичкериден» сыпаттап, талдоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ичкериден байкоонун жүрүшүндө КР МДБнын өкүлдөрү, айрым диний лидерлер, мусулман БӨУларынын, ислам окуу жайларынын өкүлдөрү менен, ЮСАИДдин, мусулман коомчулугу менен кызматташуучу эл аралык уюмдардын өкүлдөрү менен алдын ала жарым-жартылай түзүмдөштүрүлгөн маектер (интервьюлар) жана түзүмдөштүрүлбөгөн эркин аңгемелешүүлөр жүргүзүлгөн.

Сурамга катышуучулар эксперттик тандоо ыкмасы менен тандалды. Диний лидерлерди түркүмдөштүрүүдө Мадрид университетинин саясат таануу жана ислам изилдөөлөрү боюнча доктору, долбоордун автору, башкы изилдөөчүсү Кадыр Маликов колдонуп жүргөн усул эске алынды. Ал диний лидерлерди: салтчылдар, орто реформаторлор жана жаңычылдар (модернисттер) деп үч топко бөлөт.

Изилдөөнүн автору жана катышуучулары объективдүүлүккө толугу менен жетиштик деп эсептебейт, андыктан өздөрү козгогон маселелер боюнча сын пикирлерди угууга кызыгышат. Себеби изилдөөнүн негизги максаты аталган маселеге коомдун көңүлүн буруу жана анын тегерегинде талкууларды баштоо эмеспи.

## 4. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ИСЛАМ УЮМДАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН СОЦИАЛДЫК АКТИВДҮҮЛҮГҮ

Исламда ар бир динге ишенүүчүнүн социалдык жоопкерчилигинин жол-жоболору негизделип берилген. Бул динде динге ишенүүчүнүн өз үй-бүлөсү, коому жана жалпы адамзат үчүн жоопкерчилигин жүктөй турган ченемдер белгиленген. *Ихсан* кайрымдуулук түшүнүгү бай адамдардын жардыларга көрсөткөн жардамын (*зекет* – өз кирешесинен муктаж адамдардын пайдасына милдеттүү түрдө төлөнүүчү салык) эле эмес, коомдук мааниге ээ диний эмес объектилерге (мисалы, мектептерди, балдар үйлөрүн курууга же оңдоого жардам берүү, жерлерди тазалап, көрктөндүрүүгө) өз ыктыяры менен кайрымдуулук кылуу дегенди да билдирет.

Кыргызстандын мусулмандар коомчулугу бир кылка эмес, ал социалдык, интеллектуалдык, идеялык-баалуулуктары жагынан, ошондой эле улуттук-диний жана жаш-курагы боюнча ар түрдүү топтордон турат. Алардын социалдык активдүүлүгүнүн деңгээли жана түрлөрү башка факторлор менен катар, биринчи кезекте, тиги же бул жамааттагы (топтогу) идеялык-баалуулук багыттарына жараша болот. Ал баалуулуктар *амр билль маъруф* (жактырылуучу жолго чакырык) жана н*ахьи аниль мункар* (жектелүүчү иш-аракеттерди тыюу) эрежелеринде айтылган.

Диний уюмдар менен коомдоштуктарды түзүлүш формасы боюнча автор 4 категорияга бөлөт:

1) расмий дин чөйрөсү катары Кыргызстандын Мусулмандардын дин башкармалыгы жана анын облустардагы казыяттары менен мечиттери;

2) билим мекемелери (медреселер, институттар, мамлекеттик университеттердин алдындагы теология факультеттери жана борборлор);

3) коомдук уюмдар (мисалы, коомдук фонддор, бирикмелер, ассоциациялар), жергиликтүү, эл аралык кайрымдуулук жана гуманитардык уюмдар – б. а. КРнын мыйзамдарына ылайык расмий укуктук статуска ээ, өз иштеринде исламдын баалуулуктарына таянышкан ар түрдүү коммерциялык эмес уюмдар;

4) КРнын аймагында юридикалык статусу жок түзүлүп, иш жүргүзүп жаткан расмий эмес кыймылдар, расмий эмес коомдоштуктар жана алардын лидерлери.

### 4.1. Расмий мечит

Жалпысынан алганда, расмий дин чөйрөсү өзүнүн саясый иштерге бейтараптыгын жана кийлигишпей тургандыгын көрсөтүп, бийликтин да, салттуу эмес жамааттардын да мүмкүн болуучу сындоосунан сактанып, айрым маселелерди чечүүгө статус-кво (утурумдук) гана катышып турушат. Расмий дин чөйрөсү мамлекеттик бийликти сейрек учурларда гана сынга алат да, көбүнчө ар түрдүү бүлгүнчү агымдар же жамааттар менен күрөшүүдө мамлекеттин коргоосуна, колдоосуна таянат жана аны менен кызматташат. Социалдык багыттагы иш-аракеттер үчүн зарыл шарт түзүлсө, динге ишенүүчүлөр жакырчылыкты жоюу сыяктуу маселелерди чечүүгө зор салым кошо алмак. Бирок исламды ушундайча «мамлекеттештирүүгө» бардык эле мусулман лидерлери макул боло бербейт. Расмий эмес диний лидерлердин айрымдары мамлекет менен диндин кошулуп кетүүсүнөн чочулашат, себеби бул, алардын пикири боюнча, исламдын мамлекет тарабынан катуу көзөмөлгө алынышына жол ачып, исламды чектеп коёт. Алар динге ишенүүчүлөрдүн укуктарын коргоп, расмий дин чөйрөсүн конформисттик кылгандыгы (диний эмес бийлик менен кызматташкандыгы) үчүн сынга алып, ага карата оппозициялык мамиледе турушат. Дал ошол расмий эмес мусулман лидерлеринин арасында каршылык көрсөтүү мүмкүнчүлүгү байкалып, мамлекеттик бийликке карата ишенбөөчүлүк сезилип турат.

Азыркы кезде диний эмес жана диндик көз караштар ортосундагы «чектер менен бөгөттөр» жөнүндө, исламдын коомдогу ролу менен исламга карата мамлекеттик саясат жөнүндө маселелер астыртан идеологиялаштырылып жаткандыгы байкалууда. Бул эки көз караш ортосундагы чектин айкын эместиги расмий дин чөйрөсүнүн да, мамлекеттик институттардын да өкүлдөрүн ойлонтууга тийиш. Белгилүү бир деңгээлде бул маселени чет элдик окуу жайлардан диний эмес жана диний билим алып келген прогрессивдүү жаш кадрларды ишке тартуу жолу менен чечүүгө болор эле. Бирок мечиттердин имамдары адатта чет элдик университеттердин жаш бүтүрүүчүлөрүнө ишенишпейт.

Мамлекеттик бийликтин мусулман чөйрөсүнө мамилеси ар кайсы деңгээлдерде айырмаланып турат. Эгер күнүмдүк турмуш-тиричилик деңгээлиндеги жана райондордун деңгээлиндеги өз ара түшүнүшүү бар, ал эми борбордук/вертикалдык мамлекеттик бийлик менен диний чөйрөнүн ортосунда бири-биринен кооптонгон мамиле байкалат.

*Кыргызстандын муфтийинин кеңешчиси менен болгон маектен:*

*– Мамлекет мыйзамдарды катуулатуу сыяктуу административдик жана чектөөчү чараларды колдонбостон, карым-катыш жүргүзүүнүн башка жолдорун издеши керек. Мусулман адам – биринчи кезекте Кыргызстандын жараны, анын өз укуктары менен милдеттери бар. Кыргызстандагы калктын басымдуу бөлүгүн мусулмандар түзөрүн эске алуу зарыл. Кандайдыр бир мунаса болушу керек. Көбүрөөк кызматташып, динди, атап айтканда, исламды шериктеш катары кабылдоо зарыл. Мамлекет бизди колдоп, айрыкча калктын руханий абалын көтөрүү жагынан көмөктөшүүгө тийиш. Адамдын рухий байлыгы зомбулуктун жана башка коомдун терс көрүнүштөрүнүн жайылуусуна жол бербейт …*

Муфтияттын социалдык багыттагы ишмердигине менежменттин (чарбалык башкаруунун) начардыгы, ошондой эле калк менен маалымат жагынан иштин солгун жүргүзүлгөндүгү тоскоолдук кылууда деп эсептешет анын өкүлдөрү. Муфтияттын калк менен иш алып баруу үчүн өзүнүн веб-сайты, телеканалы жок, ал эми маалыматтын жетишсиздиги мечиттин ишмердигинин ачык-айкындыгы боюнча ишенбөөчүлүктү жаратууда. Туруктуу каржы булагынын жоктугунан, муфтият материалдык кыйынчылыкты башынан өткөрүүдө. Анын бардык чыгымдары орозо битирдин (*фитир саадаканын* - орозо учурунда сөзсүз берилүүчү кайыр акчанын) жана ар жыл сайын ажыга барууну уюштуруудан түшкөн кирешенин эсебинен жабылат. Мечиттердин кайрымдуулук ишин жүргүзүү мүмкүнчүлүгү чектелүү, себеби каржылоонун жогоруда аталган салттуу жана мамлекет тарабынан уруксат берилген булактары МДБнын күндөлүк чыгымдарына жана дин кызматчылары менен муфтияттын кызматкерлеринин эмгек акысын төлөөгө гана жетет.

Муфтият билим берүү долбоорлору, КИВ/ЖИСтин алдын алуу маселелери боюнча ЮСАИД, «Евразия» фонду жана башка эл аралык уюмдар менен тыгыз кызматташып, көптөгөн эл аралык симпозиумдар менен конференцияларга активдүү катышып жаткандыгын белгилей кетүү керек. Бул муфтияттын ачык иштегендигин билдирет. Бирок баңгиликке жана КИВ/ЖИСтин жайылышына каршы күрөшүү сыяктуу өтө кылдат мамилени талап кылуучу маселелер боюнча көз караштарда айырмачылыктар бар экендигин эске алуу керек. Дагы бир маселе долбоор иштеп чыгуу, дол-боорлордун жүрүшүн башкаруу жана алар боюнча отчет берүү жагынан дин уюмдарынын зарыл көндүмдөрү менен билими жоктугуна байланышкан. Мунун айынан алар эл аралык сүрөөнчү уюмдардан грант ала албай кыйналышат.

Ошол эле учурда КМДБ Кыргызстандын жакыр тургундарына кайрымдуулук жардамын көрсөтүп, акча каражаттарын, кийим жана тамак-аш таратып берип турушат. Мындай жардам биринчи кезекте эң муктаждарга – пенсионерлерге, жетимдерге, жумушсуз, балалуу жаштарга көрсөтүлөт. Экинчи кезекте ислам окуу жайларына жардам берилет. МДБнын өкүлдөрүнүн сөзүнө караганда, орозо битир төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт: 40–50 %ы муфтиятка түшөт; 10 %ы облустук казыяттарга жөнөтүлөт; каражаттын калган 40–50 %ын мечиттер жер-жерлерде өз алдынча, мисалы, калкка кайрымдуулук жардам иретинде бөлүштүрүшөт. Алынып жаткан каражаттар жетишсиз. Муфтияттын ишмердиги жөнүндө маалымат таратылып турбагандыктан, мечитке келип түшүүчү каражаттар уурдалууда деген шектенүү калк арасындагы күчөйт.

Изилдөөнүн автору мечиттин өз ишмердигин ачык-айкын жүргүзүшү жана отчет берип турушу калктан келип түшө турган акча каражатын көбөйүшүнө өбөлгө түзөт деп бекем ишенет.

### 4.2. Исламдык билим берүү мекемелери (ИБМ)

КР МДБнын курамына түрдө 7 облустук казыят кирет, анын карамагында расмий катталган 1619 мечит, 45 медресе жана Куранды окутуп-үйрөтүүчү мектептер, 6 институт, 1 университет, 26 ар түрдүү ислам борборлору, фонддор жана бирикмелер иштейт.

Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн салт болуп калган ислам мекемелеринде окутуу усулу – хужра бир жактуу диний гана билим берип, студенттердин консервативдүү диний көз карашын калыптандыруу менен, аларды коомго жана мамлекетке карата консервативдүү мамиле жасоого тарбиялайт. Салттуу диний билим азыркы мезгилдин талаптарына жооп берүүгө, аларды исламдык өңүттө кароого жөндөмсүз болуп чыкты. Чындыгында өлкөдөгү салтуу исламдык диний билим өз чөйрөсүндөгү өтө жаңычыл идеологияларга «акылдуу» каршылык көрсөтө албайт. Жан дүйнөнү кыйнаган суроолоруна ынанымдуу жооп таба албагандыктан, жаштар ал жоопторду расмий мечиттердин чегинен сырткары издеп, радикал диний агымдарга кирип кетүүдө. Билим деңгээлинин төмөндүгү, диний эмес багыттагы илимдер жөнүндө түшүнүгүнүн бурмалангандыгы, азыркы замандын маселелери жөнүндө көз карашынын сенектиги, ошондой эле медреселердин материалдык жактан жардылыгы, сабаттуу окутуучулардын жетишсиздиги, бүтүрүүчүлөргө берилген дипломдор таанылбай, алардын жумушка орношо албай жаткандыгы – бул исламдык билим берүү мекемелеринин эң оор маселелери.

КР МДБга камылгалуу адистердин келишине калыптанып калган адаттар жана жек-жаатчылдык бөгөт болууда. Чет элдик теология окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү ишке тартылбай келет. Ал эми мечит муфтийинин наамы менен орду мурас катары берилип, мунун айынан билим деңгээли олуттуу мааниге ээ болбой калууда. Мындан тышкары, ислам билиминин сапатын жогорулатууга тоскоолдук кылган фактор катары эксперттер ислам багытындагы жана диний эмес багыттагы окуу жайлардын психологиялык, идеологиялык жактан бири бирине карама-каршы турушун аташат.

Диний окуу жайлары үчүн, атап айтканда, Ислам университети үчүн стандарттарды иштеп чыгуу аракети азыркы кезде ЮСАИД жана «Евразия» КФ программаларынын алкагында көрүлүүдө. Бирок аталган долбоордун алкагы жана бюджети чектелүү. ИБМин каржылоо маселелери боюнча алардын ректорлору жана мамлекеттик түзүмдөрдүн өкүлдөрү бири биринен оолак турууга аракет кылышат, себеби мамлекеттик органдар диний эмес билимдин исламдашып кетүү мүмкүнчүлүгүнөн кооптонушат. Ал эми ИБМ болсо диний эмес көрүнүштөрдүн таасири астында калуудан жана мамлекеттен көз каранды болуудан сактанышат. ИБМнин көпчүлүк өкүлдөрү бул маселени эл аралык сүрөөнчү уюмдардын жардамы менен чечүүнү сунуш кылышат, бирок ошол эле учурда мамлекеттик органдар дин башкармалыктарына «туура» донорлорду тандоодо жардам бериши керек деп эсептешет. Чет өлкөлүк жардамдарга карата бир жактуу эмес мамилеси жана донордук уюмдар менен иштей албагандыгы ИБМ жетекчилерин аксатууда. «Туура эмес» донорду тандап алып, мамлекеттин нааразылыгын пайда кылуудан чоочулагандыктан, алар мамлекет өзү тандап, «кепилдик» берсе деп турушат. Ошентип, ИБМ кызматташуу үчүн мамлекеттик органдар сунуштаган сүрөөнчү уюмдардын тизмеси болушун каалайт.

Сурамга катышкан эксперттер менен ИБМнын жетекчилеринин айрымдары медреселер көз карандысыз болушу үчүн, аларды колунда бар адамдар каржылашы керек деп эсептешет, бирок мамлекеттин жардамынан да баш тарткысы келбейт.

Мечиттер сыяктуу эле, ИБМ да калк менен иштөө үчүн маалымат каражаттарынын жана каналдардын жетишсиздигинен жабыр тартып келишет. ЖМК медреселердин көйгөйлүү маселелерине анча кызыкпайт, алар ислам мекемелерине карата мурдатан калыптанып калган терс көз карашынан да бошоно элек.

ИБМнын ишкер түзүмдөр жана коомчулук менен байланышы өтө начар.

> *Муфтияттын даават бөлүмүнүн жетекчиси менен болгон маектешүүдөн:*
>
> *– Көпчүлүк ЖМК медреселер менен мусулмандардын ишмердигин көбүнчө туура эмес чагылдырышып, аларды чала сабат дин бузарлардай кылып көрсөтүшөт. ЖМК чөйрөсүндө ишти күчөтүп, «Жума хутбасы», «Карынын сөзүн капка сал» сыяктуу программалардын санын көбөйтсөк жакшы болор эле… Калыс маалымат берилип турса, медреселер экстремизмдин очогу деген пикирди жокко чыгара алмакпыз. Экстремисттер жөнүндө айтып жатып, мечитти же биздин медреселерди көрсөткөн учурлар кездешүүдө.*

### 4.3. Мусулман коомдук уюмдары, ар түрдүү жамааттар

#### *4.3.1. Коомдук уюмдар*

Кыргызстандын аймагында көптөгөн мусулман коомдук уюмдары бар, алардын эң активдүүлөрү төмөнкүлөр: ОФ «Адеп Башаты», «Мутакаллим», «Сумайя», «Дил мүрөк», «Вакф аль ислами», «Сүннөт», «Ассалям» КФ, Дүйнөлүк ислам жаштарынын фонду *(Муассаса шабабу аьалями аль ислами*). Расмий мечиттен же ИБМнен айырмаланып, мусулман коомдук уюмдары кайрымдуулук иштерин активдүү жүргүзүшүп, калкка гуманитардык жана социалдык жардам көрсөтүшүүдө.

**«Адеп Башаты» КФ** 2003-жылы Египеттин Каир жана Аль-Азхар университеттеринин бүтүрүүчүлөр тобу тарабынан түзүлгөн, азыркы күндө эң активдүү коомдук фонддордун бири болуп саналат. Фондду жетектегендердин өзөгүн Аль-Азхар жана Каир университеттеринин исламдагы улуттук өзгөчөлүктөргө жана баалуулуктарга чоң маани берген бүтүрүүчүлөрү түзөт. Фонддун ишмердиги жалаң гана социалдык мүнөзгө ээ. Фонд динге ишенген да, динге ишенбеген да адамдардын арасында иш жүргүзөт. Анын кайрымдуулук багыттагы ишмердигине кедей үй-бүлөлөрдүн чыккан жөндөмдүү студенттерге стипендия төлөө, улгайган адамдарга гуманитардык жардам көрсөтүү, кайрымдуулук концерттерин өткөрүү, диний эмес багыттагы бала бакчаларды, айылдарда суу менен камсыз кылуу системаларын оңдоо үчүн акча-каражаттарды тартуу камтылат.

Фонддун коомчулук, ишкер түзүмдөр, мамлекеттик уюмдар, расмий дин башкармалыгы менен байланышы жөнгө салынган. «Адеп Башаты» КФ Кыргызстандын Талас жана Нарындан башка бардык облустарында иш жүргүзүүчү филиалдары бар.

Фонд жергиликтүү орто бай ишкерлердин кайрымдуулук каражаттарынын эсебинен каржыланат.

**«Мутакаллим» аялдардын прогрессивдүү КБ** 1999-жылдан бери иштеп келатат, аны 12 активист аял түзгөн. Коомдук бирикмени Жамал Фронтбек кызы башкарат. Уюмдун максаты – исламды жайылтуу. Аталган бирикме жана анын филиалдары аялдардын укуктары, үй-бүлө маселелери боюнча программаларды жүзөгө ашырып, БУУнун үй-бүлөдөгү зомбулук, үй-бүлө маселелери, КИВ/ЖИС маселелери боюнча агенттиктери менен кызматташат. КБнын филиалдары Токтогулда, Балыкчыда, Караколдо, Ошто, Араванда иштейт. 2003-жылдан тартып КБ

Степное айылында жайгашкан түрмөдө жазасын өтөп жаткан аялдар менен иш жүргүзүүдө. Кыздар үчүн ар түрдүү билим берүү курстары боюнча жумасына бир жолу сабак өтүлөт. 2007-жылы бул уюм аялдардын паспортко жоолук салынып сүрөткө түшүүсүнө байланышкан маселени чечүүгө олуттуу салым кошту. 2009-жылы ал кыздардын мектепте жоолук салынып жүрүү укугу жөнүндө бир нече иреттегерек стол өткөрдү. 2008-жылы Кызыл жарым ай коому менен биргеликте «Мутакаллим» коомдук бирикмеси кыздар үчүн компьютердик курстарды жана тигүүчүлөрдүн курсун уюштурган.

«Мутакаллим» коомдук бирикмеси негизинен эл аралык уюмдардын кайрымдуулук жардамдары менен гранттарынын (мисалы, БУУнун фондунун калк жайгаштыруу боюнча грантынын) эсебинен каржыланат. Бул коомдук бирикме алдыдагы максаттарына жетишүү үчүн мамлекеттик органдар менен да, эл аралык уюмдар менен да активдүү кызматташууга даяр.

**«Сумайя» аялдардын БФ** 2004-жылы анын мүчөлөрү тарабынан фонддун жалпы жыйынында түзүлгөн. Фонддун жетекчиси – Давлетбаева Тургун. Уюмдун максаты – кайрымдуулук, жаштарга билим берүү, аларды тарбиялоо. Фонд Бишкектеги кыздар менен иш жүргүзүп, адеп-ахлак тарбиясын жакшыртууга көп көңүл бурат, айрым учурларда улгайган адамдарга жардам көрсөтөт. Фонд ар улуттагы улгайган аялдардын башын бириктирип, өзүнүн жеке каражаттарынын (мүчөлүк акы, кайрымдуулуктан түшүүчү акча, өз ара жардам) эсебинен иш жүргүзөт. Фонд мамлекеттик түзүмдөр менен кызматташууга даяр, ал эми эл аралык уюмдарга фонддун көпчүлүк мүчөлөрү ишенбестик менен карашат. Азыркы кезде бул уюм «Ала-Тоо» өнүктүрүү борборунун колдоосу менен Бишкектин 12-кичи райондо башталгыч мектеп ачуу боюнча иштерди жүргүзүп, КР Билим берүү жана илим министрлигинен лицензия алууга аракеттенүүдө.

**«Суннат» КБ** 2002-жылы түзүлгөн. Туруктуу каржылоо бугагы жок, ишмердиги ырааттуу жүргүзүлбөсө да, баңгиликтин жана аракечтиктин алдын алуу боюнча пландары бар.

**«Диалог Евразия» фонду** 2008-жылдан тартып «Диалог Евразия» дүйнөлүк фондунун платформасы жана филиалы катары иш жүргүзөт. Фонд улуттар аралык коомдук баарлашууга жол ачууну көздөйт. Каржылоонун негизги булактары – жергиликтүү жана эл аралык уюмдар (кайсы уюмдар экендигин маек бергендер аташкан жок). Фонд Бишкекте, Нарында жана Караколдо Тоголок Молдо, Курманжан датка сыяктуу ынтымакка чакырган белгилүү тарыхый инсандарга арналган бир катар иш-чараларды өткөргөн. Эл аралык жардамга карата фонддун мамилеси оң.

**«Ак жоолук ажары»** аялдар КФ Бишкекте 2008-жылдан бери иштейт. Негизинен кыздардан турат. Фонддун ишмердиги диний ишенимди чыңдоого, ошондой эле жетимдерге, көп балалуу үй-бүлөлөргө, оорулууларга материалдык жардам көрсөтүүгө багытталган. Жергиликтүү мектепке жардам көрсөтүлүүдө. Каржылоонун негизги булагын фонддун өкүлдөрү аташкан жок. Алар мамлекеттик түзүмдөр жана эл аралык уюмдар менен «ислам уруксат берген чекте» кызматташууга даяр экендигин белгилешти.

**ОФ «Ыйман Бакыт» КФ** Ош шаарында 1998-жылдан тартып иштейт, бирок расмий түрдө каттоодон 2000-жылы өткөн. Фонддун түзүүчүлөрү болуп уюмдун 11 мүчөсү эсептелет, жетекчиси – Алмаматов Талантбек. Фонддун максаты – агартуу иш-чаралары аркылуу калк арасында ислам баалуулуктарын жайылтуу. Фонд түштүктөгү үч облуста иш жүргүзөт. Уюмдун курамы көп улуттуу, ага орустар жана татарлар да кирет, мүчөлөрүнүн 80 %ы - аялдар. Фонддун мүчөлөрү элден кийим чогултуп, жакырларга таратуу, ишембилик өткөрүү аркылуу кайрымдуулук ишин уюштурат. Каржылоо кайрымдуулуктан түшүүчү акчанын, мүчөлүк акынын, БУУ калк жайгаштыруу фондунун (ЮНФПА) грантынын эсебинен жүргүзүлөт. Бул уюм жогорку окуу жайлары, КР

Билим берүү жана илим министрлигинин шаардык жана райондук бөлүмдөрү менен, ошондой эле эл аралык (ЮНФПА), КР МДБ, казыяттар менен кызматташат.

*4.3.2. Жамааттар (топтор)*

**«Даават Таблиг»** (же «Таблиги даават») жамааты оор кырдаалга туш болгон адамдар үчүн өзүнчө бир реабилитациялык борбор катары иштегендиги менен айырмаланат: бул жакка мурда баңгиликке берилип жүргөндөр, аракечтер, жашоонун маанисин жоготуп койгон адамдар жардам сурап кайрылышат. Аталган топ саясаттан алыс турат, анын идеологиясы «руханий» жана «көр тирлик» мүдөөлөр ортосуна чек коюу болуп саналат. Мында буддизм жана индуизм философиясынын таасири сезилип турат. Кыргызстандагы «Таблиги даават» кыймылынын айкын-даана уюшулган түзүмү жана ишмердик программасы бар. *Машварлар* деп аталуучу республикалык, облус-тук жана райондук деңгээлдеги кеңештери түзүлгөн, ага диний үгүт-насыят иштерин жүргүзүү боюнча тажрыйбасы бар карапайым жарандар кирет. Ай сайын Бишкекте же Кара-Балтада республикалык жыйын өткөрүлүп, ага облустардан өкүлдөр келип катышат. Жыйында калк арасында исламды натыйжалуу жайылтуу маселелери талкууланат. Отурумдарга көп учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу же укук коргоо органдарынын өкүлдөрү чакырылат. Дааватчылар калкты ислам динин кармоого чакырышат. Калктын социалдык жактан муктаж катмары (баңгиден көз каранды жана аракеч адамдар) менен болгон иштерин эсепке албаганда, эч кандай кайрымдуулук иштерин жүргүзүшпөйт.

## 5. СОЦИАЛДЫК МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЕЧҮҮДӨ МУСУЛМАН УЮМДАРЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ЭМЕС ИНСТИТУТТАР МЕНЕН ИШТЕШҮҮСҮ

### 5.1. Мамлекеттик бийлик жана мусулман уюмдары

*5.1.1. Мусулман коомчулугуна карата мамлекеттик саясат*

Өлкө эгемендикке жеткенден берки мезгилде дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын азыркы тарыхында үч баскычты бөлүп кароого болот. *Биринчиси* – (1991–2000-ж.) ***либералдык*** баскыч. Бул мезгил аралыгында мамлекет жарандарга абийир жана динге ишенүү боюнча толук эркиндик берген да, четтен туруп байкоо салуучулук жолду карманып, диний топторду каттоого алуу менен чектелген. Диний эмес көз караш диндин мамлекеттен толук бөлүнүүсү катары түшүндүрүлгөн. *Экинчиси* (2000–2006-ж.) – ***орточо-репрессивдүү*** баскыч. Өзбекстандын Ислам кыймылын жактоочуларынын 2000-жылы Кыргызстанга басып кирүүсү жана башка окуялардын тизмеги өлкө жана аймак үчүн диний экстремизм коркунучунун күч алгандыгын көрсөткөн. Мусулмандар басымдуулук кылган өлкөдө материалдык, техникалык жана идеологиялык ресурстар өтө чектелген, экстремизм менен күрөшүү зарылчылыгы туулган шартта мамлекеттин иш жүргүзүшү кыйын эле. Дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги багыты экстремисттик агымдар менен күрөшүү болуп калды. Ошону менен бирге кайсы иш-аракеттерди экстремисттик, кайсыларын экстремизмден алыс эмес деп эсептөөгө келгенде дайыма эле айкын чек аныктала берген жок. *Үчүнчүсү* (2006-2010-ж.) – ***азыркы кездеги*** баскыч. Мамлекет дин чөйрөсүн тескөө жагынан активдүү иш жүргүзө баштады. 2006-жылы Кыргызстандын өкмөтү тарабынан Дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат концепциясы бекитилген. 2008-жылы «Динге ишенүү эркиндиги жана дин уюмдары жөнүндө» жаңы мыйзам кабыл алынган. Азыркы кезде «Диний билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдын долбоору иштелип чыгып, тийиштүү ченем-укуктук негизи түзүлүүдө. Ошону менен катар мамлекет ар түрдүү ислам

уюмдарын, окуу мекемелерин жана ыйык деп эсептелүүчү объектилерди стандартташтырып, классификациялоо ишин жүргүзүүдө.

Мамлекет исламдын саясатташтуусунан кооптонот, бирок кээде динге ишенүүчүлөрдүн саясый активдүүлүгү менен радикалдык-саясый исламды айырмалай албай калат. Динге ишенүүчүлөр коомдун динчил эмес бөлүгүндөй эле саясатка ар кандай деңгээлде аралашат: алар шайлоолорго катышат, саясаттагы кайсы багытка артыкчылык берерин билдиришет. Динге ишенүүчүлөрдүн жакырчылыгы, социалдык-экономикалык абалынын төмөндүгү, ошондой эле диний билимдин диний эмес билимден ажыратылган бир жактуулугу исламдын анык саясый радикализмине алып келиши ыктымал экендигин белгилей кетүү керек.

Дин чөйрөсүнүн мамлекет тарабынан көзөмөлгө алынышынын бир мисалы катары 2009-жылы кабыл алынган ички иштер органдарынын диний конфессиялар менен иштешүү концепциясын атоого болот. Концепция калктын укуктук маданиятын жогорулатууга, жарандардын дин тармагындагы укуктары менен эркиндиктеринин бузулушун алдын алууга жана салттуу конфессиялардын жардамы менен диний экстремизмге каршы турууга багытталган[1]. Бирок аталган концепцияны жүзөгө ашыруунун конкреттүү жол-жоболору жок.

Башкы прокуратуранын «Даават Таблиг» кыймылына тыюу салуу жана аны экстремисттик агым деп таануу мүмкүнчүлүгү тууралуу кечээ жакындагы билдирүүлөрү, ошондой эле Билим берүү жана илим министрлигинин мектептерде хиджаб кийүүгө тыюу салуу жөнүндөгү буйругу мусулман уюмдарынын активдүү каршылыгын пайда кылды. Башкы прокуратура да, Билим берүү жана илим министрлиги да өз токтомдорун кайра чакырып алгандыгына карабастан, мусулман уюмдары жана жамааттары жакын арада динге ишенүүчүлөргө карата кысым көрсөтүлө башталышы мүмкүн деп тынчсызданышууда. Маек материалдарынан көрүнүп тургандай, азыркы кезде мусулман уюмдарынын көпчүлүк активисттери исламды жана динге ишенүүчүлөрдүн укугун коргоо боюнча биримдик жана иш-аракеттерди макулдашып жүргүзүү зарылчылыгы жөнүндө кеп кылышууда.

### *5.1.2. Мамлекеттик органдардын мусулман коомчулугу менен иштешүүсү*

Мамлекеттик органдардын мусулман коомчулугу менен иштешүүсүнүн укуктук негизи болуп Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2006-жыл, 6-майдагы № 324 токтому менен бекитилген Дин чөйрөсүндө мамлекеттик саясат концепциясы саналат. Концепция «диний эмес мамлекет» деген терминди «конфессиялык жактан байтарап көз караашта турган мамлекет»[2] деп түшүндүрөт. Бул концепциянын максаты – «мамилелерди шайкеш келтирүү жана коомдун биримдигин бекемдөө, диний эмес мамлекет менен диний бирикмелердин мамилелерин аныктоочу принциптерди сактоо, жарандардын динге ишенүү эркиндигине болгон негизги укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн шарт түзүп берүү …».

Мамлекеттин дин уюмдары менен иштешүү саясатынын башкы максаттары жана принциптери катары төмөнкүлөр жарыяланат:

– Кыргыз Республикасындагы коомдун руханий жана адеп-ахлак дареметин сактап, бекемдөө;

– салттуу дин уюмдарынын кайрымдуулук, маданий-агартуучулук жана башка социалдык маанидеги ишмердигин өнүктүрүүгө көмөктөшүү[3].

---

1 ИИМнын концепциясы 2007-2008-ж. ИИБнын 9-башкармачылыгынын алкагында жана дин тармагындагы эксперттер тарабынан иштелип чыккан (2008-жылдын май айында бул концепцияны ички иштер министри, бекитип кол койгон).

2 Кыргыз Ресиубликасынын Өкмөтүнүн 2006-жыл, 6-майдагы № 324-токтому менен бекитилген Дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат концепциясы.

3 Ошондо.

Ошону менен бирге, ченемдик-укуктук негизинин чыңдалбагандыгынан жана мекемелик туруксуздугунан улам, бул концепцияны жүзөгө ашыруунун конкреттүү жол-жоболору жок. Дин уюмдарынын жана өз иштеринде исламдын баалуулуктарына таянуучу коомдук уюмдардын ишмердигин жөнгө салуучу ар түрдүү мыйзам актыларына талдоо жүргүзүп, аларды бирибирине жана концепцияга шайкеш келиштирүү зарыл.

Мамлекеттик органдар менен мусулмандар коомдоштуктарынын кызматташуусуна (айрыкча өлкөнүн түштүгүндө) жер аянттарын мечиттерге ижарага берилиши, социалдык маселелерди чечүү (КИВ/ЖИСтин, баңгиликтин, аракечтиктин алдын алуу) боюнча жергиликтүү коомдоштуктарда биргелешип иш жүргүзүп жаткандыгы мисал болот. Социалдык маселелерди чечүүдө дин башкармалыгын мамлекеттик органдар менен кызматташууга тартуу жагынан ийгиликтүү жүзөгө ашкан иштер көп. Акыркы жылдары Россияга жана башка өлкөлөргө кетип жаткан эмгек мигранттары менен иштөө жагынан мамлекет ДИМА аркылуу мусулман лидерлери менен активдүү кызматташууда.

### 5.2. Эл аралык уюмдар жана мусулман коомдоштуктары

Диний коомдоштуктардын кылдат мамиле жасоону талап кылган бөтөнчөлүгүнө байланыштуу өнүктүрүү багытындагы көпчүлүк эл аралык уюмдар азыркы кезге чейин алардан оолак болууга аракеттенип келет. Алар КИВ/ЖИС маселесин чечүүдө гана эч тартынбай кызматташат. 2007-жылдан бери мусулман лидерлери менен ОБСЕнин Гамбург университетинин алдындагы Изилдөө борбору жакшы иштешип келет (ислам жана диний эмес коомдун, ислам менен демократиянын диалогу, ислам билимин жаңылаштыруу багытында). КР МДБ менен ЮСАИД ар түрдүү өз ара алмашуу, билим, изилдөө программалары боюнча абдан тыгыз кызматташып жатат (түздөн түз же өнөктөштөрү - БААУ жана «Евразия» фонду аркылуу). Мындай карымкатыштарды кеңейтүүгө исламдын жана ислам мекемелеринин кадыр-баркын жоготуудан кооптонгон мечиттердин эл аралык уюмдарга карата ишенбестик мамилеси бөгөт болууда. Ошентсе да, 2007–2009-жылдары дин башкармалыгынын эл аралык кызматташууга, айрыкча коомдун адеп-ахлак жана руханий жактан жетилүү маселеси боюнча кызматташууга кызыгуусу арта баштады.

Кыргызстандын мусулмандар коомчулугу арап сүрөөнчүлөрү менен активдүү кызматташып келет. Бирок арап сүрөөнчүлөрүнүн жардамы мечиттерди куруу жана Курандын текстерин таратуу менен чектелип калууда. Мунун себеби арап дүйнөсүндө кайрымдуулук – сүрөөнчүлөрдүн фонддор менен бейөкмөт уюмдарынын пайдасына каражаттарды диний объектилерди (мечиттерди же медреселерди) курууга пайдалануу шарты менен акча чегерүү деген түшүнүк кеңири жайылгандыгында. Ошентип арап донорлору *соопко*, б. а. кудайдын сыйына татыктуу болууга аракеттенишет.

### 5.3. Жарандык сектор жана мусулман уюмдары

Байланыштын начардыгы жана мусулмандар коомчулугунун ишмердиги ЖМКда жакшы чагылдырылбай жаткандыгы анын жарандык коомдогу диний эмес уюмдар менен тыгыз кызматташуусуна тоскоол болот. Өлкөнүн түштүгүндө бул жааттагы иштешүү дурус эле жүргүзүлүүдө, ал эми түндүктө расмий мечиттин КЭУ арасындагы кадыр-баркы төмөн. Кыргызстандын түндүгүндө исламды адамдын иш-аракет жасоо эркиндигин жана укуктарын жокко чыгаруучу консервативдүү дин жана прогрессти токтотуучу фактор деген көз караш кеңири таралган. Ошондой эле мечит «алганды гана билет, бирок өзү эч нерсе бербейт» деген пикир бар. Ошондуктан өлкөнүн түндүк бөлүгүндө мечитке келүүчүлөр өтө начар колдоо көрсөтүп, көпчүлүк мечиттер экономикалык жактан бир топ эле кыйналууда. Алыскы

айылдарда социалдык маселелер (өспүрүмдөрдүн аракечтиги, жаштар арасында үй-бүлөдөгү жана мектептеги зомбулук, зордоп ала качуунун кесепетинен кыздар өз жанын кыйган учурлар) көптүгүнө карабастан, мусулман коомдоштуктары элет жеринде жарандык сектор менен дээрлик иштешпей келет.

Социалдык маселелерди чечүүдө КЭУнун мусулман коомдоштуктары менен иштешүүсү үзгүлтүк менен жүргүзүлүүдө. КЭУ кээде диний чөйрө өкүлдөрүн жана динге ишенүүчүлөрдү өз долбоорлоруна катышууга чакырганы менен, мусулмандарды диний эмес коомдоштуктардын турмушуна катыштыруу максатында иш жүргүзүүчү атайын долбоорлор жок. Динге ишенүүчүлөр өз кезегинде бейөкмөт уюмдардан динге ишенген адамдардын өзгөчө маселелерин чечүүгө (мисалы, медреселерди компьютерлер, парталар менен техникалык жабдууга, медреселер менен мечиттерде чарбалык жайларды куруууга, суу менен камсыз кылууга, мечит менен бирге китепкана же спорт комплексин куруууга) багытталган долбоорлорду күтүшөт. Мечиттер менен медреселер өздөрү динге ишенген адамдар менен гана иш алып барууну артык көрүшөт, негизинен сыйынуу жайларын/диний объектилерди куруу жана оңдоо менен алектенип, сейрек учурларда гана жергиликтүү коомдоштуктар уюштурган ашарларга катышат. Өз кезегинде КЭУ мечиттердин ички түзүмүн, алардын иштерин, ар түрдүү жамааттардын (топтордун) ортосундагы айырмачылыктарды жакшы билбейт.

*«Мехр-Шавкат» БӨУнун өкүлү менен болгон маектен (Ош облусу, Араван району):*

*– Калк менен иштөөдө расмий эмес дин уюмдары эң активдүү …. Биз дин башкармалыгын кызматташууга чакырабыз. Биздин долбоорлорго катышканы менен, мечит бейөкмөт уюмдар үчүн жабык бойдон калып, өз коомчулугунун ичинде иш алып баруу менен чектелип келет. Албетте, алар мечиттерди куруп жатышат, жакындарга жардам беришет, бирок ошентсе да динчил эмес калк менен динге ишенүүчүлөрдүн ортосунда карым-катыш жок. Анан, динге ишенүүчү аялдар менен иштер жетишсиз жүргүзүлүп жатат деп ойлойм. Балким, алардын социалдык активдүүлүгүн көтөрүү үчүн гендер маселелерин чечүүгө киришүү керек болор …*

Көпчүлүк КЭУлар өздөрүнүн грант берүүчүлөрүнөн кол үзүп калуудан кооптонуп, диний уюмдар менен кызматташуудан сактанат. Себеби сүрөөнчүлөрдүн мусулман коомдоштуктары менен иштешүүгө макул болоруна дайыма эле ишене бербейт. Бирок Кыргызстанда дин уюмдары менен иштөө боюнча тажрыйбалуу КЭУлар бар. Алсак, БАӨК бейөкмөт уюму 2005-2006-жылдардан бери мусулман коомдоштуктары менен түздөн-түз иш жүргүзүүдө. Ал иштер Даниянын ИИМ (ДАНИДА) жана башка сүрөөнчүлөр тарабынан каржылануучу социалдык мобилизациялоо долбоорлорунун алкагында жүргүзүлүп келет. Кыргызстандын түштүгүндө мечиттер, райондук жана облустук казыяттар (Кара-Суу, Жалал-Абад) менен иштеген 3 жыл ичинде өз жардам топтору (ӨЖТ) түзүлүп, алардын лидерлери мечиттердин имамдары болуп калды. Мындай топтордун көпчүлүгү айыл чарба долбоорлорун ийгиликтүү ишке ашырууда. БАӨКнын өкүлүнүн сөзүнө караганда, ислам диний лидерлери өздөрүнүн диний ишенимдерине каршы келбеген жаңыча иштөө ыкмаларын кабыл алууга даяр. Мунун дагы бир мисалы катары Бишкектеги «Арыш» БӨУнун ийгиликтүү ишин атоого болот.

*Бишкектеги БАӨКнын директору менен болгон маектен:*

*– Биздин уюм ӨЖТ топторун түзүү аркылуу калкты социалдык мобилизациялоо иштерин жүргүзөт. Бул иш калкынын басымдуу бөлүгү салттуу түрдө ислам динин тутунуп келген Кыргызстандын ар түрдүү облустарында, айыл жергесинде жүргүзүлүүдө. Алгач ишибизде кыйынчылыктар болду, себеби мечиттер социалдык мобилизациялоону материалдык жардам (садага), мечиттерди куруу же Куранды таратуу катары гана тар мааниде түшүнүшөр эле. Бирок иштин жүрүшүндө диний лидерлер ӨЖТнун натыйжалуулугун көрүштү, айрыкча алар иштин насыя берүү жагына көңүл бура баштады. Имамдардын демилгеси менен динге ишенүүчүлөрдүн арасынан имамдар башчылык кылуучу 6 ӨЖТ түзүлгөн. Имамдар социалдык мобилизациялоону кеңейтүү жана социалдык-экономикалык долбоорлорду исламдын принциптерине таянуу менен жүзөгө ашыруу максатында ар түрдүү деңгээлдерде тегерек столдорду, талкууларды өткөрүү сунуштары менен чыгышты.*

## 6. КЫРГЫЗСТАНДЫН АР КАЙСЫ ОБЛУСТАРЫНДАГЫ МУСУЛМАН КООМДОШТУКТАРЫНЫН СОЦИАЛДЫК АКТИВДҮҮЛҮК ДЕҢГЭЭЛИ

Кыргызстанда мусулмандар коомчулугу бир түрдүү эмес, алардын социалдык жактан активдүүлүк деңгээли да ар башкача экендигин изилдөө көрсөттү. Бул калк жашаган географиялык аймак (өрөөндөр, тоо этектери) менен, калктын динчилдигине жана исламды кабылдоосуна дыйканчылык менен алектенүүчү элдердин (өзбектердин, тажиктердин) маданиятынын таасирине да байланышкан. Өлкөнүн түштүк калкы илгертен бери эле түндүктөгүлөргө караганда динге көбүрөөк берилгендиктен, бул аймакта мусулмандардын социалдык активдүүлүгү жогорураак.

### 6.1. Түштүк облустары

Динге ишенүүчүлөрдүн коомдук процесстерге эң көп катышуусу облустук жана райондук борборлордо байкалат. Кыргызстандын түштүгүндөгү мусулмандар коомчулугунун аймактык жана улуттук бөтөнчөлүгү бар. Бул жерде өзбек улутундагы динге ишенүүчү калк кыргыз улутундагыларга караганда өз ара жакшы уюшулган. Кыязы, бул маалелерде топтошуп жашоо салты менен шартталат, анда күчтүү лидер – аксакал молдо бар. Андан тышкары, бул көрүнүш исламды салт менен үрп-адаттын бир бөлүгү катары караган калктын динге ишенүү деңгээли менен да байланыштуу болушу ыктымал.

Сырткы окшоштуктарына карабастан, ар бир облуста мусулман коомдоштуктары өзүнчө бөтөнчөлүктөрү да бар. Айырмачылык жаш кадрлардын башкаруу түзүмдөрүнө тартылуусуна, ачыктык деңгээлине, башкарууну жана көз караштарды жаңылантуу даярдыгына, социалдык активдүүлүгүнө, мамлекеттик түзүмдөр менен иштешүүсүнө тиешелүү. Бардык облустарда мечиттер каржы тартыштыгынан жана туруктуу демөөрчүлөрдүн жоктугунан кыйналып жатат, алардын б. а. материалдык таянычы жана башкаруу нугу бекем эмес.

#### *6.1.1. Ош облусу*

Ош облусунда мечиттер көп. Айрым райондордо алардын саны диний эмес багыттагы мектептердин санынан ашып кеткендиги мамлекеттик органдардын муну диний экстремизмдин өсүп жатышы катары карашына себеп болууда. Диний иштер Ош, Кара-Суу, Ноокат, Өзгөн, Кадамжай шаарларында эң активдүү жүрүүдө. Бул жерлерде миңдеген динге ишенүүчүлөр келип намаз окуган ири мечиттер жайгашкан. Мечиттер маалелерде кайрымдуулук иштерин

жүргүзүшөт, калкты коомдук иш-чараларга катыштырат. Диний эмес жана диний билими бар имамдар адатта баарынан активдүү келишет.

Билим берүү мекемелеринин арасынан Ош мамлекеттик университетинин теология факультети өзгөчөлөнүп турат. Анда 15 жыл ичинде үч жүзгө жакын бүтүрүүчүлөр даярдалып, азыркы кезде алар диний жана диний эмес уюмдарда иштеп жатышат.

Көпчүлүк медреселер менчик негизде иштеп, окуучулардын жардамынын жана кайыр садага акчалардын эсебинен каржыланат. Ноокат районундагы молдо Табылдынын медресеси өзүнүн социалдык активдүүлүгү, чарбалык шартынын дурустугу, билимдүү жаш адистерди ишке тарткандыгы, окуу процессине диний эмес багыттагы сабактарды киргизгендиги, карым-катышты активдүү жүргүзгөндүгү жана эл аралык уюмдар менен кызматташууга даярдыгы менен айырмаланып турат. Ош облусунда «Адеп Башаты» КБнын түштүк филиалы активдүү иш жүргүзүүдө. Ал кайрымдуулук иштерин жүргүзүп, акыркы 5-6 жыл ичинде диний мекемелерге жергиликтүү ишкерлердин каражатты дурус өлчөмдө берип турушуна жетишип келет. Облуста ошондой эле «Ыйман Бакыт» коому жана «Мутакаллим» КБ иш жүргүзөт.

*6.1.2. Жалал-Абад облусу*

Жалал-Абад шаарында облустук казыят жайгашкан, ошондуктан бул жерде расмий дин башкармалыгы мамлекеттик бийлик органдары менен макулдашылган иштерди көбүрөөк жүргүзөт. Казыяттын мүчөлөрү жана мечиттердин көпчүлүк имамдары орусча мыкты сүйлөшөт, себеби мурда мамлекеттик мекемелерде иштешкен. Мечиттерде жума сайын исламдагы каадалар боюнча диний окуулар жүргүзүлөт. Мечиттер мүрзөлөрдү тазалоого, SIDE BIOM[4] уюму менен биргеликте биодааратканаларды курууга катышкан. Облуста «Адеп Башаты» КФ активдүү иштейт.

*6.1.3. Баткен облусу*

Облустун борбору Баткен шаарында кыргыздар калктын басымдуу бөлүгүн түзөт. Инфраструктуранын өнүкпөгөндүгү, калктын аздыгы, суунун жетишсиздиги, аймактык анклавдардын болушу калктын Баткенге көбүрөөк топтолуп жашап калышына түрткү болгон. Мамлекеттик органдар менен дин башкармалыгынын ортосунда тыгыз байланыш бар, себеби аймак чакан болгондуктан, биерликтердин баары бири бирин жакшы тааныйт. Дин башкармалыгынын катарында ийкемдүү, демилгечил жаш кадрлар көп. Өлкөнүн түштүгүндөгү бул облуста динге ишенүүчүлөрдүн жана расмий мечиттин коомдук-социалдык процесстерге катышуу деңгээли Жалал-Абад менен Ош облустарына салыштырмалуу кыйла жогору. Баткен облусу Тажикстан менен Өзбекстанга жакындыгына байланыштуу дайыма уламалардын (ислам окумуштууларынын) мекени эсептелип келген, ошондуктан бул жерде динге айрыкча сый мамиле кылышат. Дин кызматкерлери ар түрдүү эл аралык долбоорлорго жана коомдук иштерге активдүү катышат. Жакырчылык менен күрөшүү, ар түрдүү коомдук жана үй-бүлөлүк майрамдарга сарпталуучу чыгымдарды кыскартуу боюнча иштер жүргүзүлөт.

### 6.2. Түндүк облустары

Түштүк аймактарга караганда Кыргызстандын түндүгүндөгү мусулман коомчулугу (Бишкек шаарынан жана Чүй облусунун айрым райондорунан сырткары) коомдун социалдык турмушуна

---

4 БИОМ экологиялык кыймылы – Кыргыз Республикасында жана Борбордук Азия аймагында экологиялык маселелерди чечүүгө катышуучу жаш адистерди, окумуштууларды жана лидерлерди ыктыярдуу негизде бириктирүүчү коомдук коммерциялык эмес уюм. БИОМдун миссиясы – калктын ар түрдүү топторунун экологиялык маселелерди чечүү жана туруктуу өнүгүү идеяларын ишке ашыруу.

эң аз катышат. Мечиттерде имамдардын көпчүлүгүнүн диний билими эски, өздөрү да улгайган куррактагылар. Медреселер ири шаарларда (Бишкекте, Токмокто, Караколдо, Таласта) гана бар. Жүргүзүлгөн изилдөө Кыргызстандын түндүк аймактарынын ичинен Бишкекте жана Чүй облусунда, андан кийин Таласта жана Караколдо динге ишенүүчүлөрдүн социалдык активдүүлүгү жогору экендигин көрсөттү. Диний коомдоштуктардын активдүүлүгү Нарында эң төмөн.

*6.2.1. Ысык-Көл облусу*

Мусулман коомчулугунун эң активдүү бөлүгү Балыкчы жана Каракол шаарларында орун алган. Каракол шаарындагы облустук казыятта 35 жаштан 70 жашка чейинки курактагы төрт адам иштейт. Бардык мечиттерде каржы жетишсиздиги абдан катуу сезилип турат, менеджмент жана ишкердик түзүмдөр менен байланыш жүргүзүлбөйт, кадрлар маселеси курч турат. Караколдо «Адеп Башаты» КФнун филиалы иштейт, анын социалдык ишмердиги Түп, Жети-Өгүз жана Ак-Суу райондоруна жайылтылат.

*6.2.2. Талас облусу*

Талас облусунун калкы түндүк облустардын жашоочуларынын арасында эң динчил экендигине карабастан, бул жерде мусулман коомчулугу социалдык жардам көрсөтүү жагынан анча активдүү эмес. Транспорт жана байланыш инфраструктурасынын өнүкпөгөндүгүнөн улам бул облус өлкөнүн башка бөлүктөрүнөн обочолонуп калган. Бул жерде мусулман уюмдары жокко эсе, ал эми мечиттер кайрымдуулук иштерин майрамдарда гана өткөрүшөт.

*6.2.3. Нарын облусу*

Нарын облусунун мусулмандар коомчулугу социалдык долбоорлорго жана кайрымдуулук иштерине өтө аз катышат. Облустун калкынын саны аз, динге анча берилген эмес. Ошентсе да, 2006–2008-жылдардан тартып Нарын шаарында «Дааватт Таблиг» жамааты өнүгө баштады. 2006-жылы «Адеп Башаты» КФ Нарында өз филиалын ачып, облустун динге ишенүүчүлөрүнүн арасында кайрымдуулук жана диний агартуу иштерин активдүү жүргүзө баштады.

*6.2.4. Чүй облусу жана Бишкек*

Бишкек Кыргызстандын мусулмандар коомчулугунун активдүүлүк борбору болуп саналат. Ички миграция борбор калаа менен Чүй облусунун калкынын жалпы динчил курамына өз таасирин тийгизди. Өлкөнүн түштүк облустарынан келгендердин эсебинен динге ишенүүчүлөрдүн катары арбып, бул мусулман коомдук уюмдарынын пайда болушуна алып келди. Алардын арасында динге ишенүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоочу социалдык-укуктук, укук коргоочу жана экономикалык уюмдар көп. Бишкекте азык-түлүк товарларын (*халал* азык-түлүк) өндүрүп сатуу тармагында жана кызмат көрсөтүүнүн кеңири түрлөрү боюнча ислам багытындагы майда жана орто ишкердик ыкчам өнүгүп баратат.

Бишкектеги динге ишенүүчүлөрдүн социалдык чөйрөдө активдешүүсүнө ар түрдүү чет элдик фонддор, каржы компаниялары, Түркиянын жана арап өлкөлөрүнүн билим берүү мекемелери таасир этип жаткандыгын белгилей кетүү керек. Мисалы, түрк диаспорасынан ишкерлер Орозо айт жана Курман айт диний майрамдарына карата кайрымдуулук иштерин активдүү жүргүзүшөт. Мамлекет тарабынан өлкөнүн банк секторуна каржылоонун ислам принциптерин киргизүү жана адал (*халал*) азыктарды өндүрүү аракети көрүлүүдө.

## 7. ТЫЯНАКТАР

Жалпысынан Кыргызстанда дин жана диний институттар тынчтык жолу менен өнүгүп бара-тат. Мусулмандар коомчулугу азыр мамлекет менен иштиктүү кызматташуу керек деген көз карашты жактайт. Мамлекет мусулман коомчулугунун мүмкүнчүлүктөрүн биргелешкен социалдык дол-боорлорду ишке ашыруу үчүн пайдаланса болор эле. Бул ислам менен мамлекеттин ортосундагы мамилени гана шайкеш келтирбестен, жакырчылыкты жеңүү сыяктуу көп сандаган маанилүү маселелерди чечүүгө да өбөлгө түзмөк. Кыргызстандагы мусулмандардын социалдык жоопкерчилиги азырынча төмөн экендигине карабастан, динге ишенүүчүлөрдүн социалдык чөйрөдөгү активдүүлүгү жыл өткөн сайын күчөп бара жатат. Ошондой эле орто деңгээлдеги мусулман ишкерлердин кайрымдуулук ишмердиги да кеңири кулач жаюуда. Кыргызстандагы айрым диний коомдоштуктардын жана уюмдардын эл аралык уюмдар менен кызматташууга болгон кызыгуусу артып жаткандыгы байкалат.

Ислам уюмдарынын мамлекеттин коомдук турмушуна катышуусуна бөгөт болуп жаткан маселелердин бири диний жана кайрымдуулук уюмдарынын ишмердигин жөнгө салуучу мыйзам актылары менен терминдердеги чаташууларга байланышкан. КР Жарандык кодексинин 161-беренесине ылайык, диний уюмдар коммерциялык эмес болуп эсептелет. Экинчи жагынан, диний уюмдардын ишмердиги КЭУ жөнүндө мыйзам эмес, «КРда динге ишенүү эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзам боюнча жөнгө салынат. Бул мыйзамда болсо кайрымдуулук диний уюмдардын ишмердигинин багыттарынын бири болушу мүмкүн, бирок мындай ишмердик тийиштүү уюмдун кайрымдуулук статусун билдирбейт деп айтылган. Ошону менен бирге бардык диний уюмдарды алгачкы каттоодон өткөрүү ДИМАда жүргүзүлүп, бул иш жүзүндө аны юридикалык жак катары статус ыйгарбай эле эсепке алуу болуп калат[5]. Бардык диний уюмдар Кайрымдуулук жөнүндө мыйзамдын шарттарын аткарган учурда кайрымдуулук уюму деген статуска ээ боло алат, башка жалаң кайрымдуулук уюмдары үчүн мындай мүмкүнчүлүк жок[6]. Ошентип, азыркы кезде күчүндө турган мыйзамдар диний уюмдарга жеңилдик берүү жана аларды каттоону жөнөкөйлөтүү сыяктуу жагымдуу шарттарды түзбөстөн, тескерисинче, алардын кайрымдуулук ишмердигине тоскоолдук кылат.

Көптөгөн диинй лидерлер жана дин коомдоштуктарынын өкүлдөрү менен болгон маектердин жыйынтыгы ДИМАда катталууну көпчүлүк юридикалык статус алууга тете деп ойлошуна негиз берет. Көпчүлүк имамдар мечиттердин өз алдынча статусу жоктугунан, социалдык камсыздоо системасынан сыртта калып жаткандыгын айтышты.

Айрым диний лидерлер маектешүү учурунда эл аралык уюмдар менен кызматташууда мусулман коомчулугунун кооптонуп турат деп белгилешти. Алар диний лидерлердин «туура» сүрөөнчүлөрдү тандап алышына мамлекеттик органдар «кепил» болушу керек деген пикирди айтышты. Бул айтылгандардын негизинде төмөнкүдөй маселелер бар деп тыянак чыгарууга болот:

а) диний лидерлер «туура эмес» сүрөөнчүлөрдү тандап алып, мамлекеттик бийлик менен болгон мамилесин бузуп алуудан сактанышат;

б) диний лидерлер кырдаалды жакшы билбейт жана сүрөөнчүлөр менен иштеше албайт.

---

5 КРнын «Кыргыз Республикасында динге ишенүү эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзамынын 10-беренесинин 1-пункту, 2008-жыл, 31-декабрь, № 282.

6 Кыргыз Республикасынын «Меценаттык жана кайрымдуулук ишмердиги жөнүндөгү» мыйзамынын 6-беренесинин 3-4-бөлүктөрү. 1999-жыл, 6-ноябрь, № 11; Ноокатбек Идрисовдун «Налогообложение некоммерческих организаций в Кыргызской Республике: рекомендации к проекту нового Налогового кодекса» талдоо макаласы. – http://src.auca.kg/images/stories/files/Policy_briefs_rus_NGO_Idrisov_1.pdf

Мамлекет менен диндин мамилесин жакшыртуудагы негизги маселелер акыркы бир нече жылдарда (2006 – 2009-ж.) кабыл алынган мыйзамдардын жакшы аткарылбай, ар башкача чечмеленип жаткандыгына, диний жана мамлекеттик түзүмдөрдүн ортосундагы иштешүү механизмдеринин жоктугуна байланышкан. Мусулмандар коомчулугунун социалдык жактан активдүү болушуна тоскоолдук кылып жаткан башка жагдайлар – бул ислам мекемелеринин материалдык жана каржылык таянычынын начардыгы, кадрлардын иш билбестиги, башкаруудагы кемчиликтер, айкын белгиленген социалдык программалардын, калк менен жана мамлекеттик органдар менен, ошондой эле эл аралык агенттиктер жана ЖМК менен кеңири байланыштын жоктугу. Мындан тышкары коомдун диний жана динчил эмес чөйрөлөрүнүн ортосундагы өз ара ишенбөөчүлүк мамиленин таасири да сезилип турат.

## 8. НУСКООЛОР

### Мамлекеттик башкаруу органдарына

- Кайрымдуулук иштерин жүргүзүп жаткан диний уюмдар жана исламдын баалуулуктарына таянуучу кайрымдуулук уюмдары жөнүндөгү мыйзамдарды жөнөкөйлөтүү зарыл. Бүгүнкү күндө мындай уюмдардын ишмердигин аларды каттоо учурунда эле көп кыйынчылыктарды жана тоскоолдуктарды пайда кылуучу көптөгөн шилтеме беренелери бар бир нече мыйзам актылары жөнгө салып турат. Кайрымдуулук уюм статусун алуу мүмкүн эместиги каржылоо ыгына терс таасир тийгизет, мунун айынан диний уюмдардын социалдык активдүүлүгү чектелип калууда.

- Жооптуу мамлекеттик кызматтар диний уюмдар менен мечиттердин өкүлдөрүнө ДИМАда эсепке алуучу каттоодон өтүү менен укук коргоо органдарында каттоодон өтүүнүн айырмачылыгын, ошондой эле Адилет министрлигинин органдарынан юридикалык жак катары статус алуу зарылдыгын түшүндүрүшү керек.

- Мамлекеттик органдар менен мусулмандар коомчулугунун ортосундагы ишенимди бекемдөө максатында жалпы кызыкчылыктарга жана милдеттерге, жарандык жоопкерчиликке басым жасап, биргелешкен иш-чараларды өткөрүү демилгесин көтөрүү зарыл. Дин башкармалыгын, мамлекеттик түзүмдөрдүн, ишкерлер коомчулугунун, эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда жалпы багыттагы иш-аракеттерди шайкеш келтирүү, тажрыйба алмашуу жана социалдык маселелер боюнча көз караштарды жакындатуу үчүн тегерек столдорду, жолугушууларды жана талкууларды өткөрүп туруу керек.

- Мамлекет диний жамааттардагы адамдардын дареметин, таасир күчүн жакырчылыкка жана жумушсуздукка каршы күрөшүү, ички жана тышкы мигранттар менен иш жүргүзүү сыяктуу ири мамлекеттик маанидеги маселелерди чечүү үчүн колдонсо болор эле.

### Мусулмандардын диний башкармалыгына жана казыяттарга

- МДБ, казыяттар жана жер-жерлердеги мусулмандар коомчулугу өздөрүнүн социалдык багыттагы ишмердиги, кайрымдуулук долбоорлору жөнүндө мамлекетке жана коомго билдирип турушу керек. МДБнын, мечиттердин жана диинй уюмдардын ишмердигин чагылдырып туруу маселесин чечүү зарыл. Бул мусулман коомдоштуктарынын ишмердигинин ачык-айкындыгын, анын ичинде ажылык сапарын уюштуруудан жана башка

иштерден келип түшкөн кирешелерди бөлүштүрүүдөгү ачык-айкындыкты камсыздоого өбөлгө түзөт.

- Облустук казыяттар, мечиттер жана ИБМ узак мөөнөттүү каржылоону камсыздоо максатында жергиликтүү ишкерлер коомчулугу жана ири ишканалар менен шериктеш жана түздөн түз байланыш түзүү үчүн активдүүрөөк иш жүргүзүшү керек.

- МДБ менен мусулман коомдоштуктары улуттук диний эмес багыттагы КЭУ жана эл аралык уюмдар менен кызматташуу үчүн ачык болушу зарыл. Мисалы, фандрайзинг (каражат тартуу), долбоорлорду башкаруу жана коомчулук менен байланышты кеңейтүү маселелерин чечүү мүмкүнчүлүгүн арттыруу боюнча тренингдерге жана семинарларга, ошондой эле тажрыйба алмашуу иш-чараларына катышуу керек.

**Эл аралык уюмдарга**

- Мусулман коомчулугунун, мамлекеттин жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда ар түрдүү социалдык программалар боюнча тегерек столдорду ырааттуу түрдө уюштуруп өткөрүп туруу керек. Мындай иш-чаралар бардык тараптардын өз көз караштарын жана кызматташуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктап алышына шарт түзөт.

- Эл аралык уюмдар көз караштардын айырмачылыгына жана идеологиялык келишпестик терге байланыштуу мусулман коомчулугунун өкүлдөрү катыша албай турган иш-аракеттер чөйрөсү жана долбоорлор да бар экендигин эске алууга тийиш.

- Эл аралык уюмдар мусулман коомдоштуктарына жана ИБМге маалымат жана билим жаатында колдоону күчөтүшү керек. Бул мусулман коомдоштуктарынын ачык-айрым болушуна, жаңыланышына жана демократиялашуусуна өбөлгө түзүп, алардын ишмердигинин ачык-айкындыгын жакшыртат.

- Эл аралык уюмдар мусулман коомчулугунун өкүлдөрүн ар түрдүү социалдык долбоорлого жана тренингдерге катышууга көбүрөөк чакырып турушу керек. Мында айрыкча айыл чарба долбоорлоруна, долбоорлорду башкаруу, киреше алып келүүчү ишмердикти уюштуруу боюнча тренингдерге, ар түрдүү социалдык багыттарда тажрыйба алмашуу демилгелерине көңүл буруу зарыл.

**Кыргызстандагы мусулмандар**
**коомчулугунун азыркы мезгилдеги**
**социалдык активдүүлүгү**

Бишкек, 2010 – 23 бет

Которгон Т. Рыскулова

Редактор Ж. Турдубаев

Компьютерде калыпка салган С. Силантьев.

“ST.art Ltd” полиграфия комплексинде басылып чыкты

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Тыныстанов көч. 199

Нускасы: 350 даана

